М. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин

2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштери боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Алышерова Нургүлдүн жыл ичинде аткарылган тарбия иштери боюнча билдирүүсү.

Мектепте тарбия иштери боюнча 2021-2022 - окуу жылына карата М. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин өсүп келе жаткан жаш муундарды 2021-2030-жылдагы Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу боюнча концепциясын иш жүзүнө ашыруунун негизинде түзүлгөн пландын жана БУУнун балдардын укуктары жөнүндө Конвенциясына жана Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык тарбия берүү системасынын негизинде жана областтык БӨУ тарабынан көрсөтүлгөн план менен түзүлүп, иш алып барылууда. Жаңы окуу жылынын башында 1-11-класстарга тарбиялык иштерди жүргүзүү үчүн 20 класс жетекчи дайындалды алардын ичинде эки жаш класс жетекчилер Исакун уулу Ызатбек 6- а класска, Уметова Алтынай 5-а класстын класс жетекчилери болуп, алар менен эки секция жетекчилер Жунушова Д, Эркимбек кызы Аида болуп иштер жүргүзүлдү жана алар ата-энелер менен 3 тараптуу келишимдерди түзүп алышып иш жүргүзүлүүдө . Былтыркы окуу жылынан баштап буга чейин иштеп келген 10 багытты ОБББ көрсөтмөсүнө ылайык өзгөртүүлөр болду. Атай кетсем, адеп-ахлактык тарбия жана адептик сезимдерге тарбиялоо, атуулдукка, адамдын укуктары менен эркиндигин, милдеттерин сыйлоого тарбиялоо, мекенчилдикке тарбиялоо, жаратылышка, курчап турган чөйрөгө гумандуу мамилесин калыптандыруу, көп маданияттуулукка тарбиялоо, кооздук , асылдыктарды баалоого тарбиялоо (Эстетикалык), эмгектенүү коомдук жана инсандык баалуулук катары мамилесин калыптандыруу, ден соолукка жана сергек жашоо образына башкы баалуулук катары мамиле кылууга тарбиялоо, уй бүлөлүк тарбия, жети аке тарбиясы.

Ар бир класска тарбиялык журналдар уюштурулду. Класстарда бирдей типтеги класстык бурчтар жана « Ден соолук» бурчтары илинип коюлган. Бул бурчта «Коронавирустан сактануу эрежелери жана алдын алуу иштери боюнча толук маалыматтар илинип турду. «Эхинококкоз», «туберкулез», «бруцеллез» оорулары , «Сарыктан сактаналы» жана «Бүткүл дүйнөлүк[i] СПИДке каршы күн» боюнча брошюралар илинип турду.

Класстык сааттар «Сан гигиена», « Жолдо жүрүү эрежелери», « Үй бүлөө тарбиясы» боюнча пландар иштелип чыгып бекитилди.

Тил күнүнө карата үч айлык жарыяланды, пландар түзүлдү. Диспут, КВН, көркөм айтуу сынактары жана ар бир класс жетекчи өз класстары менен ачык

сабактарды, улуттук тилдин маанисин арттыруу максатында каада салттар, үрп адаттарды камтыган тарбиялык иштер өтулдү. Берикбаева Аида көркөм айтуу сынагына 6-10 класстын окуучулары менен барып келди. Октябрь айы «Озүн-өзү башкаруу» айлыгында БӨУ сынактарды пландаштырылган, ал боюнча иштер жүргүзүлдү. Атай кетсем, «Карылар күнүнө» карата жакындан жардам берүү, түшүм майрамы, мыкты окуучу, мыкты класс, жашыл класс жана башка конкурстар болду. Республикадан келген Экологиялык конкурстарга биздин окуучулар да сырттан катышууда «Жаратылыш жана мен деген сынакка айрым окуучулардын дил баяндарын жибергенбиз, «Экология менин көз алдымда» деген темада 7-а классынын окуучусу Расулова Нагима Жалпы Республикалык олимпиададан 1-турунан өтүп, андан тышкары Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун демилгеси менен уюштурулган «Климаттын өзгөрүшүнө эмне үчүн жана кандай реакция кылуу керек» аттуу дил баян жазып, Ардак грамота жана акчалай сыйлык алды. Жетекчиси Жалилова Барчын. Былтыркы окуу жылында баарыбызга белгилүү «Зордук зомбулукту алдын алуу боюнча алгылыктуу иштер өтүлгөн. 2021-2022- окуу жылында атын жакшы жакка өзгөртүү менен «Бактылуу балалык» кербени аталыштагы иш чаралар болуп өттү, айта кетсем , башталгыч класстын мугалимдери сүрөт конкурстарын уюштурушту. «Ачуунду жене бил» аттуу ачык тарбилык саатты Абдыисаева Рыскүл, «Стрессиз жашоо» деген темада Исакбекова Гулшат жогорку денгээлде ачык тарбиялык сааттарын өтүштү. Китепканачы Султанова Наргиза ар бир даталуу күндөргө окуучулар менен ар кандай адабий кечелерди, конкурстарды өттү. Жаш мугалимдер Жунусова Айзат жана Эркимбек кызы Айзат ата-энелерди мектеп менен байланыштыруу жана 8-а классты тартибин жакшы жакка буруу максатында энелер менен бирдикте конкурс өтүштү. Дене тарбия мугалимдери «Ким шамдагай» аттуу эстафеталык оюндарды өтүштү. Манас, адабият күнүнө, Чынгыз Айтматов күнүнө карата ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. Энелер мектебин жандандыруу максатында чогулуштун пландары түзүлдү, анын жүрүшүн энелер менен тыгыз иштөө Солтобаева Назгүлгө милдеттендирилди.
Жыл ичине 32 ачык тарбиялык саат пландаштырылган . Жогоруда айтылды Исакбекова Гулшат, Абдисаева Рыскүл, Сыдыкова Мээрим, Жалилова Барчын өтүшкөн ачык сааттары чыгармачылык, изденүүчүлүк менен эң жогорку денгээлде өтүлдү.
Көпчүлүк эжейлер деле сабактарын «жакшы», «Эң жакшы» деген бааларда өтүштү. Жаш класс жетекчи Исакун уулу Ызаатбекке берилген «Айылымдын көрүнүктүү инсандары» аттуу темадагы ачык тарбиялык саатты убагында өтө алган жок, анын ордуна «Жаш техниктер» боюнча

окуучулар менен өтүп берди. Акатов Улук агай да пландаштырылган эки сабактын бирөөсүн эле өтүп берди кечигүү менен. Өмүрзаков Кубаныч агай да такыр тарбиялык саатын өткөн жок. Ачык тарбиялык сааттарга катышууда да да айрым эжей агайларда көңүл коштук байкалды. Шыгаева Рахат 11 сабакка катышпаптыр, эркек агайларда да ал боюнча көйгөй чоң.
Кыздар совети кыздар менен темага жараша иштер болду, учур көйгөйү болгон темалар боюнча кыздарга убагында маалыматтар, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты. «Жаз ажары» аттуу конкурс уюштурулуп жакшы денгээлде өттү, бирок «Менин сүйүктүү эжейим» аттуу окуучулар менен бирдикте өтүлүүчү конкурс өтүлгөн жок. Буга түздөн түз жаш эжейлер күнөлүү деп белгилейм. Өзүнүздөр билесиздер тарбиялык иштерге райондон, областтан буйруктар келет, ал боюнча иштер мүмкүн болушунча өз убагында аткарылып жатты. Ошентип жыл аягында «Мыкты ата-эне» номинациясынын ээси болуп Дорбаева Эркингүл, Саякбаева Салима «Мыкты класс жетекчи» Сыдыкова Мээрим, Берикбаева Аида сыйланды. Февраль айында «Мекенди коргоо ыйык милдет» аттуу конкурстар жана Авган жоокерлери менен жолугушуулар болуп, концерттик программалар жана 8-класстын класс жетекчилери окуучулары менен бирдикте өткөрүлөт.

XX1-кылымдын интеллектуалдары, Илимий техникалык жумалыктарга окуучуларыбыз активдүүлүктөрүн көргөзүп, район ичинен 8-б класстын окуучусу Токторов Нүзүп 1-орунду ээлеп, областка активдүү катышып келди.

Март айында 5- Март «Ак калпак» күнү белгиленди, 8- Март апалардын майрамына карата салтанаттуу линейка өтүлдү Эжейлерди куттуктоо үчүн концерттик программа тартууланды.
Белгилеп айтып коюучу иш чараларга токтолсом, Былтыркы окуу жылында окуучулардын абалын эске алуу максатында Республикалык, Областтык Б Б бөлүмү тарабынан чыккан айлыктарга Зордук зомбулукту алдын алуу, окуучулардын социалдык абалдары боюнча жакындан таануу боюнча көптөгөн иш чаралар өтүлдү . Ар бир класс жетекчи ата-энелер менен тыгыз иштерди жүргүзүштү. Тынбастан рейддерди, түшүндүрүү иштерин өткөрүп турдук. Класстык сааттар, тарбиялык сааттар, диспуттар өтүлдү. 10 а, б класстын класс жетекчилери Шыгаева Рахат жана Дүйшөнбиева Мээрим өз класстары менен мектеп аралык байланыштарды жакшыртуу максатында Айыл өкмөткө тиешелүү мектеп окуучулары менен алаканы чындап алдык десек болот. «Зордук-зомбулукка каршыбыз!» деген нуктада театр -форум өтүшүп айыл ичине , окуучуларга, жакынкы мектептерге таасир эте алган көрүнүштөрдү көргөзүштү. Казылаева Мадина

Кыргызстандагы Америка элчилиги тарабынан уюштурулган « Зомбулукту актаба» аттуу Республикалык деңгээлде уюштурулган конкурска активдүү катышып, 4-орунду камсыз кылды. Тоң райондук жаштар тарабынан уюштурулган окуучуларды ар тараптуу тарбиялоо максатында КВН уюштурулган.Ага 10-а,б класстын окуучулары катышып, 1-орунду камсыз кылып, областка чейин барып өз өнөрлөрүн көргөзүп келишти. Жетекчиси Дүйшөмбиева Мээрим.

Ошондой эле «Адепсиздик –бул кылмыш, кылмыштын арты жаза» аттуу теманын негизинде райондук семинар болду семинардын катышуучулары мектепте жүргүзүлүп жаткан иштер, иш кагаздар менен таанышып, теманын алкагындагы ачык тарбиялык сааттарга катышып кетишти.

Ачык тарбиялык сааттарды көп класс жетекчилер өз убагында өтүштү.

Ай сайын окуучулардын катыш жетиш, форма, китеп дептерлердин сакталышы, күндөлүктөрдүн абалы, жашылдандыруусу, класстын тазалыгы боюнча рейддер жүрүп турду. Бардыгы өз учурунда жыйынтыгы чыгып, класс жетекчилерине айтылып, өз учурунда эскертүүлөр берилип турду. Ошол жыйнтыктын негизинде жыл аягында «Мыкты класс» номинациясынын жеңүүчүлөрү болуп, 10-а,б класстар аталды.

Ошондой болсо да иштер да болду, кемчиликтер да болду . Айрым класс жетекчилер, мисалы 7-а,б класстын окуучулары бул окуу жылында сабактан көп калтыруулары, мектепке формасы коп жок келүүлөрү жана берилген конкурс, ар турдүү иш чараларга катышпагандары болду.

11- класстар ачык тарбиялык сааты өтүлгөн жок. Кыздар уюму тарабынан пландаштырылган иш чаралар өтүлгөн жок.

Эду пейж программасына кирип иштегени класстык сааттардын өтүлүшүнө туура келбегендиктен өз кедергисин тийгизет экен. Ушуну эске алсак демекмин.

Урматтуу класс жетекчилер, өткөн жылдагы кетирген айрым кемчиликтерибизди эске алуу менен, жыл башындагы планды чогуу иштеп чыгып жакшы иштерди жүргүзөлү демекчимин.